*Кулуева Ф.Ш.*
*Колледж Экономики и Управления*

## БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДА БОЛОНЬЯ ПРОЦЕССИНИН МААНИСИ

## ЗНАЧЕНИЕ БОЛОНСКОГО ПРОЦЕССА В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Болонья процесси, билим берүү мейкиндиги, мобилдүүлүк, кредиттик система, бакалавр-магистр-(Ph.D).*

***Ключевые слова:*** *Болонский процесс, образовательное пространство, мобильность, кредитная система, бакалавр-магистр-(Ph.D)*

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып билим берүү системасы түп тамыры менен өзгөрдү. Аны СССРдин тарашы менен Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» 1992-ж. кабыл алынган мыйзамы тастыктайт. Кабыл алынган мыйзам боюнча кесиптик билим берүү программасында даярдоо деңгээли, түзүлүшү жана мазмуну эл аралык билим берүү стандартына туура келбегени көрсөтүлгөн [3]. Анткени, биздин бүтүрүүчүлөр эл аралык түгүл өз мекенинде да иш менен камсыз боло алышпайт. Жогорку билими бар биздин атуулдар башка мамлекеттерде өз кесиби боюнча жумуштарда иштебестен, ар башка кара жумуштарда иштеп жүрүшөт, же базарда сода-сатык кылып олтурушат. Муну менен совет доорунун элементтери сакталып калгандыктан, чет өлкөлүк билим берүү системасынан азыркы билим берүү системасы түп тамыры менен айырмалангандыгын далилдейт. Ал эми 2003-жылы 30-апрелде кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Билим берүү тууралуу» экинчи толукталган мыйзамында Кыргызстандын билим берүү системасын интегрлештирүү маселеси жана эл аралык билим берүү мейкиндигине чыгуу маселелери каралган [3]. Азыркы учурда Кыргызстанда кесиптик баштапкы жана орто, жогорку билим берүү окуу жайлары менен кадрларды даярдоо советтик системасы да, Батыштын эки баскычтагы бакалавр жана магистр сыяктуу жогорку билим берүү процесси менен биргеликте ишке ашырылып жатат.

Болонья процесси 1998-жылы Франция, Италия, Германия жана Англиянын Билим берүү министрлеринин Сорбоннада өткөн жыйынында кабыл алынган Сорбонн декларациясына ылайык түзүлгөн. Бул декларацияда Европада бирдиктүү жогорку билим берүү тармагын түзүү ниети колго алынган. 1999-жылы Европанын 29 өлкөсү катышкан жыйын Италиянын Болонья шаарында өткөн. Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү боюнча жоопту министрлери тарабынан кол коюлган жана Болонья декларациясына ылайык расмий түрдө ишке киришкен. Болонья декларациясын улай 2001-жылы Прага, 2003-жылы Берлин, 2007-жылы Лондон шаарларында мамлекеттердин декларациялары кабыл алынып, өздүк тажрыйбалар аркылуу кеңейтилип, кеңири жайылтылган. Жалпысынан бул процесске азыркы учурда 47 мамлекет кирген. Ар эки жылда бул процесске мүчө болуп келген мамлекеттердин билим берүү министрлери Болонья Министрлер жыйынын өткөрүп турушат. Ал эми Болонья Көзөмөлдөө тобу министрлер жыйынында аныкталган максаттар улуттук деңгээлде жүргүзүлүшүнө салымын кошушат. [1].

Прага, Берлин кабыл алган декларациясынын принциптери өзгөчө мааниге ээ жана төмөндөгүдөй негизги принциптерге бөлүнөт:

- Студенттердин жана окутуучулардын эл аралык мобилдүүлүгү же кыймылдуулугу;
- Жогорку билим берүү системасын башкаруудагы студенттердин активдүүлүгү;
- Жогорку билим берүүдөгү коомдук жоопкерчилик;
- Болонья процессинин социалдык масштабдуулугу [1].

Болонья процессинин эң башкы максаты – бүткүл дүйнөлүк жогорку билим берүүнүн жалпы мейкиндигин түзүү жана бул процесске мүчө болуп кирген өлкөлөрдүн ортосунда салыштырууга мүмкүн болгон, атаандаштык жаратуучу, ачык билим берүү системасын куруу болуп эсептелет.

Дүйнөгө таанылуусу үчүн жана билим тармагында атаандаштык жарата алуусу үчүн Кыргызстандын билим берүү системасынын Болонья процессине өтүүсү маанилүү болуп эсептелет. Коңшулаш мамлекеттердин да акырындык менен бул процесске өтүүсү биздин билим берүү системасынын да өтүүсүн шарттоодо. Мисалы, коңшулаш мамлекет Казакстан 2010-жылы мүчө болуп кирген. Кыргызстандын жогорку окуу жайлары 2000-2008-жылдарда Болонья процессине даярдоо этабы боюнча ТЕМПУС (Erasmus Mundus) пилоттук-проектиси менен иш алып барышкан. Ал эми 2008-жылы эксперименталдык фаза аяктап, Билим берүү министрлигине корутунду отчетун беришкен. Чындыгында студенттердин ар бир аракеттери балл менен эсептелип, билими компьютердик тест аркылуу бааланып модулдук системада ачык айкын көрсөтүлөт. Студенттердин базар экономикасында билими жок жумуш

табуу кыйын экендигин түшүнүү менен билимге болгон умтулуусу, дүйнөгө болгон болгон көз карашы да өзгөргөнүн пилоттук-проектиге катышкан окуу жайлардын иш аракеттеринен байкалган [6]. Азыркы замандын талаптарын назар салып карай турган болсок, Болонья процессине өтүү жогорку окуу жайларынын, окутуучулардын, студенттердин, жумуш берүүчүлөр үчүн да бир топ оңтойлуу болуп эсептелет. Болонья процессине өтүү менен биз бир тараптан өз ичибизде эле камалып калбастан, билим берүү тармагында дүйнөлүк аренага чыгуу менен таанылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Ошонун менен катар эле чет мамлекеттерден студенттердин бизге келип, ал эми биздин студенттер чет мамлекеттерге билим алуусуна жол ачылат. Өлкөбүздүн президенти тарабынан 2012-2016 жылдары арасында билим берүү системабыздын бул процесстин негизги принцип жана критерийлерине карата өзгөртүлүшү, толукталышы жана өнүктүрүлүшү талап кылынган [6].

Болондук процесстин айланасында төмөндөгүдөй милдеттенмелерди ишке ашыруу сунушталат:

- Окутуунун эки баскычын ишке ашыруу (1-баскыч бакалавр 3 жылдан кем эмес, 1-баскычтан кийинки берилген даража европалык деңгээлдеги талапка жооп бере ала турган квалификацияга ээ болуш керек, 2-баскыч магистр 2 жыл, магистрдин же доктордун (Ph.D) даражасын берүүгө багытталыш керек);
- Кредиттик системаны ишке ашыруу (кредиттик система ачык көрсөтөт, эң башкысы салыштырууга мүмкүн болгон окуу программаларынан студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет);
- Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөө (Ар бир билим берүү системасы көз каранды эмес өздүк сапатты көзөмөлдөөчү моделди түзө алат);
- Окуу жайлардагы административдик персоналдын жана окутуучулардын студенттердин академиялык мобилдүүлүгү;
- Бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштурууну камсыз кылуу (Иш берүүчүлөр жумушка ала турган бүтүрүүчүлөрдүн билимин, жөндөмдүүлүктөрүн жана аларды кантип колдоно тургандыгы жөнүндө маалыматтарды билишет. Академиялык даражасы жана квалификациясы рынок экономикасына багытталат);
- Билим берүүнүн европалык стандарттык системасын жана дипломго европалык тиркемени камсыз кылуу [1].

Жогорку билим берүү системасында Болонья процессинин мааниси**:**

- Билим берүү тармагында дүйнөлүк аренага чыгуу, таанылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот;
- Билим берүү министрлигининин ролу жана орду жаңыча аныкталат;
- Кыргызстан башка өлкөлөр сыктуу эле улуттук өзгөчөлүктөрү менен жалпы Европалык билим берүү системасына катышууга толук укуктуу боло алат;
- Европалык билим берүү системасынын тажрыйбаларын үйрөнүү менен өздүк фундаменталдык тажрыйбаларын колдоно алат;
- Беделдүү окуу жайлар көбөйөт;
- Адистиги боюнча Европадан жогорку төлөмдөгү жумуштарды табууга мүмкүнчүлүк болот [1].

Болонья процесси студенттин билим алуусуна багыталган процесс болгондуктан, студенттердин билим алуу чөйрөсүнө активдүү катышуусун камсыз кылат. Студенттердин билим берүү программаларын туура тандап алуусуна жардам берет. Тандап алган программаларын аяктаган соң кандай жетишкендиктерге ээ боло тургандыгын кайсы бир тармакта өзүн көрсөтө ала тургандыгын алдын ала билүүсүнө шарт түзүп берет. Ар бир дисципланы ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө жараша студент кредит «чогултат». Ошол чогулткан кредиттин эсебинен бакалавр же магистр даражасына ээ боло алат. Сабактардын кредити студенттердин окуу жүгү эске алынып аныкталгандыктан, студенттердин сабактан тышкаркы өз алдынча иштерине маани берилет. Билим берүүдө студенттин башка окуу жайларына же башка бөлүмгө которулуусуна оңтойлуу шарттар түзүлгөн. Квалификацияга жана сапатка басым жасалып түзүлгөн программаларды аяктаган бүтүрүүчүлөр жумуш менен камсыз болуунун кеңири мүмкүнчүлүктөрүнө ээ боло алышат. Дипломдун кошумча барагы жана Европа кредиттик системасы сыяктуу системаларды өз ара таанунун натыйжасында студент алган билими аркылуу чет өлкөдө да оңой жумушка алынат. Формалдуу билим алууну гана эмес өмүр бою үйрөнүп окууну стимулдаштырат. Студенттердин жана окутуучулардын масштабдуу түрдө чет тилин сапаттуу үйрөнүүгө умтулуусу күчөйт [4]. Болондук процесси окутуунун кредиттик системасын түзгөндүктөн студенттерге код аркылуу тестирлөө жүргүзүп, кимге кандай баа коюлганын окутуучу өзү билбеген атайын механизм коррупцияга жол бербейт.

Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинен өзүн обочолотуу ар кайсы бир улуттук билим берүү системасына терс натыйжасын бериши мүмкүн экендиги көрүнүп турат. Мына ушуга байланыштуу билим берүүнү өнүктүрүүнү күчөтүү менен бирге улуттук жетишкендиктерди жана каадасалттарды да сактоону эсепке алуу керек. Биздин фундаменталдык билим берүүнү өркүндөтүү жа-

на андан ары сактап калуу үчүн окуу пландарын, программаларын жана методикалык ресурстарды кайрадан карап, окуу процессин оптималдаштыруу жана интенсивдештирүү. Өздүк тажрыйбалардын бардык натыйжалуу жактарын колдонуу менен эл аралык интеграцияны өркүндөтүү зарыл. Алгач окутуучулардын да аң сезими өзгөрүшү керек, башкача айтканда бул процесстин талабына ылайык өмүр бою талыкпай изденүү менен квалификациясын жогорулатуу үчүн чет мамлекеттерге барып тажрыйба топтоп окуу керек. Ал эми студенттердин да жалаң талап кылынганда гана окубастан, өзүн-өзү өстүрүүгө аракет кылуусу, тил үйрөнүүсү, ар кандай эл аралык деңгээлдеги программаларга катышуусу, чөйрөсүн кеңейтүүсү, ошонун менен бирге тандап алган кесиптик чөйрөдө өзүн-өзү өстүрүүсү керек. Советтик билим берүүнүн системасы бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бере албаса да, ал системаны таптакыр четке какпастан педагогикалык керектүү бай-тажрыйбаларын, ыкмаларын байытуу жана улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен Болонья процессине өтүүнүн өздүк моделин түзүү зарыл.

Бирок, Болонья процессине жалпы өтүүдөн мурда бир топ нерселерге көңүл бурушубуз абзел:

- Билим берүү системасында иштей турган кадрлардын туура тандалып алынышы (Кадр маселеси).
- Бирдиктүү окуу программалардын дүйнөлүк стандартка ылайык түзүлүшү;
- Билим берүү системасынын материалдык-техникалык базасы заманбап технологиялар менен жабдыланышы,
- Чет мамлекетте окуган студенттердин кайра мекенине кайтып келишине жана мамлекет тарабынан жумуш менен камсыз болушуна шарт түзүлүшү.

Билим берүү системасындагы дүйнөлүк билим мейкиндигине кирүүнүн жаңы талаптары - Билим берүү министрлиги жана окуу жайлардын тийиштүү жетекчилери тарабынан терең талданып, дыкаттык менен иштелип чыгып, жыйынтыгы өкмөт тарабынан каралып, туура багыт алуу - бүгүнкү күндүн милдети.

**Адабияттар:**


1. Байденко В.И., Болонский процесс: «Проблемы. Опыт. Решения», 2-басылышы, Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, РФ, Москва-2006
2. Добаев К.Д., О подготовке государственных образовательных стандартах по педагогическим направлениям, 2011.
3. Законы Республики Кыргызстан «Об образовании» // Газета «Кут билим», 6 июня,2003 г., от 16 декабря 1992 года №1074-XII.
4. Нармаматова Г. Нармаматова Т., Билим берүү системасындагы кайра куру - Болонья процесси. Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы-2013 ж.
5. Сенашенко В., Ткач Г. «Болонский процесс и качество образования», Вестник высшей школы, №8, Санкт Петербург-2003.
6. www.keu.edu.kg. Отчет по аккредитации КЭУ, 15.05.2012.